Бишкек шаары

Биринчи май району

№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

## *Тема: Адамдын келбети, мүнөзү*

## Мугалим: Замирбек кызы Гумушай

## 2021-2022-окуу жылы

**Класс:** 4 а

**Күнү:**4.10.2021-жыл,1 сабак,башталышы 13:30

**Сабак:** кыргыз тили

**Сабактын кептик темасы:** Адамдын келбети, мүнөзү

**Грамматика**: Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр

**Лексика:** ак жуумал, кара тору, келбети, сары, ак көңүл, мүнөзү, токтоо,шайыр.

**Сабактын максаттары:**

**Тилдик:**

Окуучулар Адамдын келбети» темасындагы жаңы лексиканы өздөштүрүшөт. Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлорду үйрөнүшөт. . Таяныч үлгүлөрдү колдонуп, ой жүгүртүү көндүмдөрү өнүгөт.

**Кептик-катнаштык максат**:

. Адамдын сырткы келбети жана мүнөзү боюнча сүрөттөп бере алышат.Берилген таяныч үлгү менен сүйлөмдөрдү толуктап, өз оюн жазат.

**Социомаданий максат:**

Апаларын сыйлоого, классташтарын жана досторун урматтого көнүшөт.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды өздөштүрүү

**Сабактын формасы:** жеке жана топто иштөө

**Колдонулуучу ыкмалар:** интерактивдүү

**Колдонулуучу каражаттар:** окуу китеби, дептер, слайддар, схема.

**Сабактын жүрүшү:**

I. **Уюштуруу.** Окуучулардын көңүлүн сабакка буруу.

- Балдар, маанайыңар кандай? Бүгүнкү аба-ырайы силерге жагып жатабы? Азыр кайсы мезгил?

-Балдар, бизге бүгүнкү сабакка эмнелер керек?

Бүгүнкү сабакка китеп керек.

Бүгүнкү сабакка дептер керек.

Бүгүнкү сабакка калем сап керек.

**1. үй тапшырмасын суроо.**

- Балдар, ким үй тапшырмасын окуп коёт? 2-3 окуучу жооп берет.

**II. Билимдерин актуалдаштыруу.** Слайдда адамдардын келбеттери тартылган, теманы атабай туруп окуучуларга кайрылам:

- Балдар, сүрөттү карагылачы. Биз бүгүн эмне жөнүндө сүйлөшөбүз.

**1. жаңы лексика менен иштөө.** Жаңы сөздөрдүн слайддары сүрөттөрү менен берилет. Окуучулар хор менен кайталап эстеп калышат жана сөз айкаштарын түзүшөт. (визуалдык эстеп калуусу күчөйт)

**1.** ак жуумал- светлая

**2.** кара тору – смуглый

**3.** келбети – внешность

**4.** сары – рыжий

**5.** ак көңүл – добрый

**6.** мүнөзү – характер

**7.** токтоо – спокойный

**8.** шайыр – веселый

**III. жаңы материалды өздөштүрүү.**

А) Окуучуларга текс таратылып берилет, текст менен таанышып окуп чыккан соң, текстке карата тапшырмаларды аткарышат.

1. Окуучулар «Менин апам» аттуу кластер толтурушат. Кластерде текстте кездешкен апага тиешелүү сөздөрдү жазышат.

2. Сүйлөмдөгү боштуктарды толукташат. Колдонулуучу сөздөрдөн тиешелүү сөздү алып көп чекиттин ордуна коюп жазышат.

Б) эки топко ватманга тапшырма берилет. Слайддагы үлгүнүн негизинде тапшырманы аткарышат. Окуучуларга даяр таяныч схема берилет. Ар бир топ өзү бир окуучуну тандап алып, сүрөттөп жазышат.

**IV. өтүлгөн материалды бышыктоо.**

Өтүлгөн материалды бышыктоо максатында окуучуларга карточкалар таратылып берилет. Эки топко балдардын сүйүктүү мультфильмдеринин каарамандары тартылган карточкалар берилет. Окуучулар ватманга чаптап, тегерегине ал каармандардын келбетин жана мүнөздөрүн сүрөттөп жазышат.

**V. Баалоо.** Окуучулардын сабакка активдүү катышуусу боюнча баалоо.

**VI. үй тапшырма.** Ата – энеңерди ,бир туугандарыңарды сүрөттөп келгиле.